КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023 – жылдын 28-сентябры № 29/105**

**Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин 2023– жылдын 4-майындагы №23/81 “Кызыл-Кыя шаарынын аймагында жайгашкан 57,42 га жер тилкелерин котоpууга (трансформация) макулдук берүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз жана Кызыл-Кыя шаарынын мэри А.Маткалыковдун сессияда берген сунушун эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин 2023–жылдын 4-майындагы №23/81 “Кызыл-Кыя шаарынын аймагында жайгашкан 57,42 га жер тилкелерин котоpууга (трансформация) макулдук берүү жөнүндө” токтомунун 1-пунктуна толуктоолор киргизилип төмөндөгүдөй жазылсын: “Кызыл-Кыя шаарынын аймагында жайгашкан 57,42 га жер тилкелерин котоpууга (трансформация) макулдук берилсин, трансформацияга даярдалган 57, 42 га жердин даярдалган башкы планы бекитилсин”.

2. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин Коммуналдык обьектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуш маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**